# Дидактика

№2 (16) сентябрь, 2022-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


## Билим дүйнөсүнө арналган

# ДҮЙНӨЛҮК ФОРУМ




«Улуттук инновациялык экосистеманы курууда университеттердин ролу» аталышындагы дүйнөлүк форумга алтымышка жакын өлкөдөн жүздөн ашуун ректорлор катышты. Форумдун биринчи күнүндө «Инновация экономикалык өсүштүн кыймылдаткычы», «Инновациялык саясат жана башкаруу», «Инновация жана социалдык таасир», «Инновациялык экосистеманын туруктуу өнүгүүсүн түзүү», «Жогорку билим берүүдө ишкердикти өнүктүрүү», «Академиялык чөйрөлөр менен өндүрүштүн ортосунда технологияларды алмашуу», «Стартап жана инкубация» жана башка ушул сыяктуу актуалдуу темалардын алкагында панелдик сессияларда иш жүрүп, тажрыйбалуу ректорлор, эксперттер жана окумуштуулар баяндама жасашты.

Форумдун ачылышында сөз сүйлөгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров, бүгүнкү күндө жогорку окуу жайлар билим берүү менен бирге саясий-экономикалык, маданий-социалдык багыттарда флагман болууга тийиш экенин баса белгиледи.

«Бүгүн биз «Улуттук инновациялык экосистеманы курууда университеттердин ролу» девизи астында чогулууну чечтик. Форумдун жүрүшүндө дүйнөлүк экосистеманы өнүктүрүү, өлкөнү туруктуу, инклюзивдүү өнүктүрүү, мамлекетти санариптештирүү, жашыл экономиканы, өлкөнү социалдык, экономикалык жана экологиялык аспектилерде өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери талкууланат. Коомдун тарыхый, маданий, социалдык-экономикалык өнүгүшүндө университеттердин ролу бардык мезгилде олуттуу жана маанилүү болгондугун тарых көрсөтүп турат. Азыркы жана келечектеги билимди жаратуучулар катары университеттердин ролун жогору баалоого болот. Билимге жана инновацияга негизделген экономикалык өсүү - бул гүлдөп-өнүгүүгө жана бакытка карай жол!», - деди А.Жапаров.




Ош мамлекеттик университинин ректору, профессор Кудайберди Кожобеков форум өзгөчө жергилктүү окуу жайлар үчүн пайдалуу болуп атканын белгиледи. «Өзүңөргө белгилүү, жакында өлкөбүздүн 5 жогорку окуу жайына жакына өзгөчө макам берилди. Алардын катарында Ош мамлекеттик университети да бар. Демек, биз өнүгүүнүн жаңы этабында турабыз десем жаңылышпаймын. Буюрса, илим-билим менен бирге инновациялык жаңылыктарды жайылтууга жана ал аркылуу өндүрүшкө басым жасайбыз. Бул багытта форумда дүйнөнүн алдыңкы университеттеринин тажрыйбалары менен таанышууга жакшы мүмкүнчүлүк болду», - деди ОшМУнун ректору, профессор К.Кожобеков.

Дүйнөлүк форумдун экинчи күнү эл аралык билим берүүгө арналган «EXPO-2022» көргөзмөсү болуп, ага окутуучулардын жана студенттердин эмгектери коюлду жана кызматташуу боюнча макулдашуулар болду. Кыргызстандын ЖОЖдорунун эл аралык өнөктөштөр менен кызматташуусуна жакшы өбөлгө түзүлүп, инновациялардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн ЖОЖдордун тажрыйба алмашуусуна ыңгайлуу аянтча болуп берди.

Эскерте кетсек, Дүйнөлүк Форум Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин демилгеси менен Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун колдоосу астында уюштурулду.

**"ДИДАКТИКА-ПРЕСС"**


## Кызматташууга чакырабыз!

### Урматтуу окурман!


Эгерде сизде окутуунун жаңы инновациялык усулдары, ата-энелер менен иштөө ыкмалары, кесиптештердин ийгилик сырлары, жана башка ушул сыяктуу кызыктуу темалар боюнча макалаңыз бар болсо, биз менен байланышыңыз.

**Сиз менен кызматташууга ар дайым даярбыз.**

**Whatsapp: 0502 345 666**

**Электрондук почта: didaktika2022@gmail.com**

**"Дидактика" гезитинин редакциясы**

## Университет жаңылыктары


2-жана 6-беттерде


**ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков:**

## “Өлкө жетекчилиги тарыхый кадамга барды”




3-бетте


## Өзгөчө макам: ОшМУга берилген укуктар жана милдеттер


3-бетте


**ОшМУнун Жаштар бизнес паркынын директору Эрлан Камалов:**

## “Идеялардын бордулдап кайнаган ордосуна айланабыз”




7-бетте

# ОшМУ генералдык рейтингде I ОРУН

2022-жылдын 15-июлунда Бишкек шаарында Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин базасында 2022-жылдагы Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун көз карандысыз рейтингинин жыйынтыгы боюнча сертификаттарды тапшыруу аземи болуп өттү. Жыйынга ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков катышты.

“Аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттиги” (НААР) тарабынан өткөрүлгөн “Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтинги – 2022” программасынын жыйынтыгы боюнча ОшМУ жалпы генералдык рейтингде 1-орунду ээледи. Бул маалыматты тастыктаган сертификат жана атайын статуэтка менен сыйланды.

Рейтингде ОшМУнун бакалавр боюнча 26 программасы 1-орунду, 7 программасы 2-орунду ээледи. Ал эми магистратура боюнча 28 программа 1-орунду камсыздаган.

Өлкөнүн ЖОЖдорунда билим берүүнүн интернационалдаштырылышынын өнүгүшү, "Академиялык мобилдүүлүк" индикаторунун баалоосу боюнча да ОшМУ 1-орунду ээледи.

Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун көз




Көз карандысыз рейтинг: ОшМУ генералдык рейтингде 1-орун

карандысыз рейтингинин мониторинги - 2022, Кыргызстандын ЖОЖдорунун профессордук-окутуучулук курамынын басмаканалык активдүүлүгү жаатында ТОП-50 рейтинги да чыккан. Аталган рейтинг боюнча да ОшМУ 1-орунду ээледи. ТОП-50гө жалпы 400гө жакын профессордук-окутуучулук курам кирсе, анын ичинен 148 окумуштуу ОшМУда эмгектенишет.

Иш-чара “Аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттиги” жана Билим Берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулду.

# Мамлекеттик сыйлыктар кут болсун!



Өлкөгө сиңирген өзгөчө эмгеги менен өз тармагында өзгөчөлөнгөн кызматкерлерге мамлекеттик сыйлыктар ыйгарылды. Алардын катарында ОшМУнун төрт кызматкери да бар.

Өлкө башчысынын колунан “Даңк” медалы менен Медицина факультетинин адамдын конституционалдык типологиясы курсунда нормалдуу жана топографиялык анатомия кафедрасынын морг башчысы Бурмакан Чырмашова, “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер” ардак наамы менен Бизнес жана менеджмент факультетинин профессору Жылдыз Акназарова, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору Мастура Шарипова, Юридика факультетинин профессору Нурлан Шериповдор сыйланышты.

Салтанаттуу иш-чарада президент Садыр Жапаров бүгүнкү күндө жетишкендиктери үчүн адилеттүү баасын алып, мамлекеттик сыйлыктар жана наамдар менен сыйланган мекендештердин ролун белгилеп, сыйлык ээлерине өлкөнүн социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, кесиптик ишиндеги чоң жетишкендиктери жана көп жылдык эмгеги үчүн ыраазычылык билдирди.

Сыйлык ээлерин жалпы окуу жайдын жамаатынын атынан куттуктап, чың ден соолук, иштерине ийгилик каалайбыз!

# Кыргыз-Түрк кызматташуусу кеңейүүдө

ОшМУ Эл аралык Түрксой уюму жана Памуккале университети менен кызматташат. Кызматташуу келишимине “Байыркы Өзгөн жана Имам Серахси мурасы” аталышындагы эл аралык конференциясынын алкагында кол коюлду.

Ага ылайык, Түрксой Эл аралык Түрк маданияты уюму менен түзүлгөн келишимде түрк тилдүү элдердин жаштарынын ынтымагын жана биримдигин бекемдөө каралган. Ал эми Памуккале университети менен окутуучуларды, изилдөөчүлөрдү, студенттерди алмашуу, биргелешкен билим берүү, илимий изилдөө долбоорлору, кыска мөөнөттүү билим берүү, илимий программаларын ишке ашыруу, биргелешкен конференция, семинар жана илимий отурумдарды, конок лекцияларды уюштуруу сыяктуу бир топ маселелер камтылган.




Эл аралык жыйынга бийлик өкүлдөрү, Түрксой Эл аралык Түрк маданияты уюмунун башкы катчысы, окуу жай жамааты, тарыхчылар, изилдөөчүлөр, маданият ишмерлери, дүйнөлүк уюмдардан өкүлдөр, окумуштуу, аалымдар катышты.

Конференцияда ислам аалымы Имам Серахсинин өмүр жолу, ислам динindeги Ханафий мазхабы жана фикх илимине кошкон салымы, эмгектери боюнча айтылды.

Иш-чара «Өзгөн-Мунара-2022» этно-фольклордук фестивалынын алкагында уюштурулду. Бүгүн Өзгөн шаарында жер-жерлердеги тарыхый мурастарды даңазалоо, жергиликтүү элдин руханий жана маданий өсүүсүнө салым кошуу, улуттук маданий мурастарды жайылтып, элге жеткирүү максатында «Өзгөн-Мунара-2022» этно-фольклордук фестивалы өтөт.

# Студенттер окутуучуну өздөрү тандайт

Окутуунун кредиттик системасына ылайык, жаңы окуу жылынан тартып 1-курстун студенттери ӨЗДӨРҮ ТАНДАГАН ОКУТУУЧУДАН БИЛИМ АЛАТ. Бул тууралуу ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору, доцент Замир Божонов билдирди.

«Айталы, кыргыз тил предметинен университет 50гө жакын окутуучуну 1-курстун студенттерине сунуштайт. Студенттер ар бир мугалимдин аты-жөнү, сүрөтү, илимий даражасы, кызматы, иш тажрыйбасы, илимий макалалары, китептеринин темасы, саны, силлабустары, “Окутуучу студенттин көзү менен” анкеталары менен таанышып чыккан соң, жогорку курстардын студенттеринен, студенттик Омбудсмендерден кеңеш алуу аркылуу – бир окутуучуну тандап, ага жазылат. Мына ушунун баарын студент кол телефону аркылуу үйүндө олтуруп алып ата-энеси, жоро-жолдоштору ж.б. жакындары менен ишке ашыра алат», - деди проректор.

Студенттердин окутуучу тандоо системасын ишке ашыруу үчүн ОшМУнун IT – Академиясынын директору Айтибек Абдирасулов атайын “ОшМУ студент” тиркемесин иштеп чыккан.

Эскерте кетсек, буга чейин студентке ким билим берерин кафедра башчы чечип келген. «Кээде кафедра мүчөлөрү уюмдашып алып “Сабакты биринчи бизге бөлөсүң, бизден ашса жаңы мугалимдерди ишке аласың” деп мамлекеттик университетти менчиктеп алгандай таасир калтырчу. Сырттан келген жаңы адамдар миң эсе мударис болсо да киргизбей, илимдин докторлоруна, кандидаттарына да иш бербей какшатып жолго салган учурлар кездешчү. Эми бара-бара “туруктуу штаттагы профессор” түшүнүгү жоюлуп, бардык прогрессивдүү педагогдор ОшМУга келип иштөөсүнө тең мүмкүнчүлүк жаралгыдай кылып баштайбыз», - деп кошумчалады Замир Божонов.

Жаңы башталган иште албетте кемчиликтер, жаңы жагдайлар орун алат эмеспи. Келечекте калыс атаандаштыкты жана мыкты сапатты камсыздай турган жаңы системага ийгиликтерди каалайбыз.

# ОшМУ – аудиториядан өндүрүшкө

ОшМУнун стоматологиялык клиникасы эң акыркы үлгүдөгү жабдуулар менен жабдылды.

Жабдуулардын өзгөчөлүгү - оорулууну рентгенге тарткан соң, анын жыйынтыгы дароо дарыгердин мониторунда пайда болот. Ошондой эле оорулуу тишин дарылап жаткан учурун монитордон көрө алат.

Андан сырткары клиникада терапия, имплантология, ортопедия, ортодонтия жана хирургия бөлүмдөрү иштейт.

Эң башкысы, клиника ачылгандан тарта 24 саат бою элге кызмат кылат.

Учурда университет бир гана студенттердин окуу төлөмүнөн көз каранды болбой, өз алдынча киреше табууга мүмкүнчүлүк алды.

Дүйнөлүк деңгээлдеги эл аралык рейтингдерге кирүү үчүн, окуу жай регионго кызмат кылуусу абзел. Буюрса, алдыда окуу - өндүрүштүк комплекстердин ачылуусу күтүлүүдө.

# Сабакка катышууну QR код «көзөмөлдөйт»

Буга байланыштуу университеттин факультет, колледждериндеги окуу кааналарга атайын QR коддор орнотулду. Бул болсо, студенттердин сабакка катышуусун жөнгө салып, билим алуучулар ар бир сабакка кирүүдөн мурун QR кодду белгилешет.

Буга чейин окутуучулар студенттердин жетишүү, катышуусун кадимки журналдарда белгилешкен. Жаңы окуу жылынан тарта электрондук журналдарды пайдаланышат. Электрондук журнал “ОшМУ окутуучу” мобилдик тиркемеси аркылуу ишке ашат. Окутуучу сабакка кадимки журналды толтургандай толтурат. Эгер студенттер QR кодун белгилеп келген болсо, автоматтык түрдө ал студент белгиленип чыгат.

Эгерде окутуучунун телефону жок болсо, же техникалык себептерден улам иштебей калса, ушул эле процесси порталдан жасоого болот. Ал жактан “сабак түзүү” (создать урок) бөлүгүн жана теманы тандап, студенттердин катышуусун белгилеп, андан соң программаны жаап чыгуу керек.

Мындан сырткары жаңы окуу жылынан тартып 1-курстар үчүн окутуучуларды тандоо мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Эгер бул иш-аракет сыноодон ийгиликтүү өтсө, кийинки окуу жылынан толук ишке аша баштайт.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ОшМУ өзгөчө макамга ээ болду

Президент Садыр Жапаровдун «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына ылайык, өлкөнүн 5 жогорку окуу жайына өзгөчө макам берилди. Негизги максат, мамлекеттик билим берүү уюмдарынын финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарын консолидациялоо, потенциалын жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн дүйнөлүк рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

**Тагыраак айтканда, өзгөчө статус берилген беш университет кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономияга ээ болду. Атап айтканда:**

– бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануу үчүн казыналык системасынан тышкары мамлекеттик катышуу үлүшү бар коммерциялык банктарда банк эсептерин ачууга;

- көзөмөлчүлүк кеңештер менен макулдашуу боюнча башкаруунун ички түзүмүн жана кызматкерлердин штаттык санын өз алдынча аныктоого;

– окуу иштери боюнча проректорлорду дайындоого жана бошотууга;

– ЖОЖдун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн статусун жана аталышын, алардын ишин уюштуруу тартибин, ошондой эле аларды башкарууга жана персоналына карата талаптарды өз алдынча аныктоого;

– өз алдынча көзөмөлчүлүк кеңештер менен макулдашуу боюнча эмгек акы төлөөгө жумшалуучу каражаттардын үлүшүн аныктоого, ЖОЖдун кызматкерлеринин бардык категорияларына эмгек акы төлөөнүн, материалдык дем берүүнүн жана материалдык жардам көрсөтүүнүн формаларын жана өлчөмдөрүн белгилөөгө;

– аудиттин эл аралык стандарттарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жыл сайын көз карандысыз тышкы же ички (ЖОЖ ичиндеги) аудитордук текшерүүнү кошпогондо, 3 жылдык мөөнөткө текшерүүнүн бардык түрлөрүнөн бошотууга;

– билим берүү, консультациялык, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк-коммерциялык жана мыйзамдарда тыюу салынбаган башка иштерден каражат түрүндө киреше алууга жана аларды ЖОЖдун ишин жакшыртууга жана материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жумшоого;

- өз алдынча көзөмөлчүлүк кеңештер менен макулдашуу боюнча атайын каражаттардын эсебинен сатып алынган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү тескөөгө (ажыратууга, алмаштырууга, ижарага берүүгө), ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн каражаттарды тескөөгө;

– 2022-жылга каралгандан төмөн эмес көлөмдө мамлекеттик билим берүү гранттарын алууга;

– акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтерди өз алдынча түзүүгө жана бекитүүгө;

– окугандардын санын өз алдынча аныктоого жана бар болгон аянттарды жана ЖОЖдун башка шарттарын эске алуу менен студенттерди кабыл алуу планын бекитүүгө;

- ЖОЖдордун юридикалык жактын статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрүнө капиталдык жана учурдагы оңдоо, аларга бекитип берилген, алардын балансында турбаган материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү менен байланышкан финансылык чыгымдарды аталган бөлүмдөрдүн бекитилген кирешелер жана чыгашалар сметаларынын чегинде жүргүзүү укугун берүүгө.

Жарлыктын негизинде Ош мамлекеттик университетинин курамына Ош мамлекеттик юридикалык институту кошулган. Ошондой эле Министрлер кабинетине өзүнүн чечимдерин ушул жарлыкка ылайык келтирүү жана бул Жарлыктан келип чыгуучу башка зарыл чараларды көрүү тапшырылган.

**Жарлыкка ылайык ОшМУ мындан ары төмөнкүдөй укуктарга ээ болду:**

- профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөөнүн тартибин өз алдынча аныктоого;

- лицензия албастан жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзүүгө;

- сатып алууларды жүргүзүүнүн бекитилген ички эрежелерине ылайык көзөмөлчүлүк кеңештер менен макулдашуу боюнча сатып алууларды өз алдынча жүргүзүүгө;

- өз алдынча белгиленген билим берүү стандарттарынын жана талаптарынын негизинде жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууга;

- бакалаврларды жана адистиктерге даярдоо багыттары боюнча окутуу үчүн кабыл алуу эрежелерин өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө.



*ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков:*

# "Өлкө жетекчилиги тарыхый кадамга барды"

Өзгөчө макамдын артыкчылыгы жана жоопкерчилиги тууралуу Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Кудайберди Кожобековду кепке тартык.

- ***Кудайберди Гапаралиевич, башта сизди жана жалпы эмгек жамаатты өзгөчө статуска ээ болушу менен куттуктайбыз.***

- Рахмат, элибизге, жалпы жамаатка кут кылсын.

- ***Сиз жетекчи катары бул Жарлыкты кандай кабыл алдыңыз?***

- Албетте сыймыктануу менен кабыл алдык. Бул жерде чоң жоопкерчилик бар экенин да сезип турабыз.

- ***Кудайберди Гапаралиевич, мамлекеттин мындай чечкиндүү кадамга баруусунун зарылдыгы тууралуу айтсаңыз?***

- Бүгүнкү күндө билим берүү системасын, анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү тармагын реформалоо, эл аралык деңгээлге чыгаруу, сапатын жогорулатуу боюнча жалпы коомчулук тарабынан бир нече талаптар айтылып келген. Ушул зарылдыкты эске алып, өлкө башчыбыз өз Указы менен тарыхый кадамга барды. Анткени, буга чейин Кыргызстанда канча жогорку окуу жай болсо, баары Өкмөт тарабынан бекитилип берилген эреже, нормативдердин негизинде иш алып баргамбыз. Бирок, базар экономикасына өткөнүбүзгө 30 жыл болгонуна карабай, көпчүлүк нормаларыбыз баягы эле советтик билим берүү системасы боюнча сакталып калган. Натыйжада эл аралык интеграцияга тоскоолдуктар көбөйүп кеткен. Биз муну ачык айтышыбыз керек. Ошондуктан урматтуу президентибиз чечкиндүү кадамга барып, 5 университетке укук жана милдет коюп атат.

- ***Мындан ары бул 5 окуу жай каалаган таризде иш алып барабы?***

- Бизге "эмне жасасаңар, ошону жасагыла" деген жок, бир сүйлөм менен чоң тапшырма койду: 5 жылдын ичинде өзгөчө статуска ээ болгон университеттер дүйнөлүк рейтингде өзүн көрсөтүшү керек. Мисалы, жок дегенде топ 1000 деген Эл аралык рейтингде биздин университеттердин аталышы кириши керек. Бул бир жагынан биз үчүн өтө чоң сыймык, ошол эле учурда чоң жоопкерчилик.

- ***Демек мына ушундай тапшырманы аткаруу үчүн автономия берип аткан турбайбы? Өзгөчө макамдын алкагында ОшМУ кандай укуктарга ээ болду?***

- Өлкө башчыбыздын Указынан кийин Министрлер Кабинетинин Токтому чыгат. Токтомдон кийин да ошол ар бир жогорку окуу жай каалаган нерсесин жасай бербейт. Ар бир окуу жай Камкорчулар Кеңеши, Окумуштуулар Кеңеши менен кеңешип, мамлекет тарабынан коюлган талаптарды ишке ашыруунун план-программасын иштеп чыгабыз. Биздин акыркы жете турган чекитибиз ошол дүйнөлүк рейтинге кирүү, ага кирүү үчүн, бизде кандай мүмкүнчүлүктөрүбүз бар, бизге тоскоол болгон нормативдерибиз кайсы, аларды редакциялоо, жаңысын иштеп чыгуу, ошого жараша чечимдерди, ички эрежелерди кабыл алып, ошол эреженин негизинде иш алып барабыз.

- ***Указга ылайык адистиктерди ачуу боюнча да укук берилиптир, мындан ары университет өзү эле каалаган адистиктерди ачып, окута береби?***

- Ооба, мезгил талап кылса, университет өзү чечим кабыл алып, өзү программаларын түзүп, өзү окута берсин деген эл аралык тажрыйбада бар да. А бизде буга чейин сөзсүз тизмеде бар гана адистикти окутуп келгенбиз. Тизмеде жок болсо, сөзсүз министрликтен лицензия алып, анан гана ошол адистикти ачканга укугубуз бар эле. Мына ушундай чектөөлөрдү сыртка калтырып, биз өзүбүз, мына бүгүн биздин экономиканы көтөрө турган, рыноктун жаңы шартына дал келген, мындай деген аталыштагы жаңы адис бар деп, изилдеп ачып, студент-абитуриенттерди чакырып, ошонун негизинде биз ишке орношконго чейин мыкты адистерди даярдап чыгарууга мүмкүнчүлүк түзүлүп атат.

- ***Университеттин илим изилдөө багытына кандай жаңылык кирет?***

- Бүгүнкү күндө мамлекет бизге дүйнөлүк рейтингке кирүү менен бирге төртүнчү муундагы университетке айлануу талабын коюп атат.

- ***Төртүнчү муундагы университет деген эмне?***

- "Окуу", "илим" жана "өндүрүш" деген 3 компонент бирге иштей баштаган университети төртүнчү муундагы университет дейбиз. Окутуу, илим изилдөө иштери айкалтын, жалпы өлкөнүн кайсы бир маселесин чечүүгө багытталышы керек. Мындан ары бир гана окутуудан (контракттан) акча таппастан, изилдеген темабыз өндүрүшкө айланып, тиешелүү коммерциялык иштерден, ишканаларды ачуудан да киреше табышыбыз керек. Ошондо биз төртүнчү муундагы университетке айланабыз.

- ***Дүйнөлүк рейтингге чыгуу Жарлыктын эң негизги талаптарынын бири болуп атат. Бул үчүн кандай аракеттер көрүлөт?***

- Дүйнөлүк рейтингке кириш үчүн окумуштуулардан мыкты макалалар талап кылынат. Макаланын канчалык окулгандыгы анын сапатын көрсөтүп коет. Мындан ары жогорку деңгээлде жазылган макалага көбүрөөк эмгек акы төлөп бере алабыз. Ар бир окумуштууга эмгегине жараша индивидуалдуу мамиле жасап, мотивация кылып, алардын санын жана сапатын көбөйтүп отуруп, биз буюрса 5 жылдын ичинде дүйнөлүк рейтингге чыгабыз. Андан сырткары студенттер жана бүтүрүүчүлөр менен тыгыз иштеп, университеттин өндүрүш тармагын күчөтөбүз. Мисалы, бүгүнкү күндө тигүү багытында өндүрүш баштаганбыз. Студент окуу менен бирге иштей берет. Университеттин алдындагы клиника дагы ушул сыяктуу билим да берет, кызмат да көрсөтөт.

- ***Кудайберди Гапаралиевич, университетке финансылык эркиндик да берилип атса, бир суроо жаралат экен, ар бир тыйын көзөмөлдө болобу? Менимче, ушул суроо көпчүлүктү кызыктырса керек?***

- Өзгөчө статуска ээ болгон жогорку окуу жайлар ар жылы эл аралык стандарттагы көз карандысыз аудиттен өтүп турат. Дүйнөлүк рейтинг кириш үчүн ушундай талап бар. Экинчиден, мамлекеттин тийиштүү органдары мурдагыдай эле көзөмөл жүргүзүп турат. Болгону негизсиз текшерүүлөр боло бербейт. Эң башкысы, ар бир финансылык операция Камкорчулар Кеңеши менен макулдашылып, Окумуштуулар Кеңешинде каралып, коллегиялуу чечим кабыл алынат. Финансылык мүмкүнчүлүгүбүздү рационалдуу бөлүштүрүү үчүн атайын бөлүмдөр иш алып барат. Ошондуктан бул жагына кооптонууга эч негиз жок.

- ***Кудайберди Гапаралиевич, реформанын алкагында биригүү, ирилештирүү жүрүп атпайбы, кайсы окуу жайлар ОшМУга биригет?***

- ОшМУга Оштогу юридикалык институт кошулду. Институтта илимий потенциалы күчтүү мыкты кадрлар бар болчу. Эми биз баарыбыз ОшМУнун атынан дүйнөлүк рейтингге чыгууга аракет кылабыз. Түпкүлүгүндө ирилештирүүгө окуу жайлар өздөрү кызыкдар болду. Анткени мамлекет тарабынан катуу талап коюла баштады. Белгилүү рейтингге чыга албаган окуу жайлар эртели-кеч жоюлат.

- ***Оптимизациянын алкагында ОшМУ дагы кандай даярдыктарды көрүп атат?***

- "Учурда окутуу системасын кантип трансформациялайбыз, мезгил талап кылган жаңы формаларга кандай жол менен өтөбүз, заманбап технологиялар менен шайкеш өнүгүүнүн кандай жолдору бар?"деген суроолордун алкагында министрибиз Алмаз Бейшеналиевдин жетекчилиги астында Америкага барып келдик. Өнүккөн өлкөнүн билим берүү системасы менен жакындан таанышып, стартап борборун түзүүнү жана иштетүүнү көрүп келдик. Бүгүнкү күндө бардык университеттерде мына ошол стартап борборлор ачылды. Биздин университет да заманбап техникалык каражаттар менен камсыздап Жаштар бизнес борборун ачтык. Жакында кесиптик окуу жайыбызда экинчи стартап борборду ачабыз.

- ***Адистерди даярдоодо стартап борборлорунун канчалык орду бар?***

- Бул жерде студенттер кайсы бир бизнес идеяларды ойлоп таап, аны ишке ашыруунун үстүндө иштешет. Буга чейин квалификациялык дипломдорду текст түрүндө жазып келген болсо, мындан ары бизнес пландарды жазып, бүтүрүү сынактарын ошол иштери менен тапшырышат. Окууну аяктагандан кийин ошол өзү жазган бизнес планды юридикалык жак катары каттап, андан ары өнүктүрүп, акча таап, мамлекеттин экономикасына салым кошо баштаса жакшы эмеспи. Мисалы, бүгүнкү биз колдонуп жаткан фейсбук, инстаграмм, гугл дегендин баары Америкадагы окуу жайлардын стартап борборлорунда иштелип чыккан студенттердин идеялары болгон. Азыр эми канчалык киреше таап атканын көрүп атабыз. Келечекте биздин студенттер да мына ушундай чоң ийгиликтерди жаратат деген ишенимдемин.

- ***Жакшы максаттар менен иш башталып жатыптыр. Жараткан колдосун, ийгилик коштосун.***

**Маектешкен: Тургунбай Алдакулов, редактор**

ОшМУнун ректору, профессор К.Кожобеков:

# Жаңы окуу жылын жаңы максаттар менен баштайбыз

## Кадырлуу агай-эжейлер, илимпоз устаттар, кесиптештер!

## Ардактуу студент достор!

**Окуу жайыбыздын гимназия-лицейлеринин, мектепке чейинки билим берүү борборлорунун окуучулары!**

Баарыңыздарды жаңы окуу жылыңыздар менен чын дилимден куттуктайм.

Бүгүн биз тынымсыз өзгөрүп, жаңыланып жаткан дүйнөдө жашап жатабыз. Биз дагы кирип келген окуу жылын жаңы ийгиликтер, жаңы максаттар, стратегиялык пландар менен баштоонун алдында турабыз. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен өлкөдөгү алдыңкы 5 окуу жайга өзгөчө статус берилди. Анын катарында Ош мамлекеттик университети да бар. Өзгөчө макамдын негизги максаты - окуу жайды төртүнчү муундагы университетке трансформациялоого өбөлгө түзүү болуп саналат. Президенттин тапшырмасы боюнча жакынкы 5 жылдын ичинде биз кескин кадамдарды жасап, дүйнөлүк рейтингдеги алдыңкы университеттердин катарына кирүүбүз керек. Өзгөчө статус алган окуу жайлар үчүн академиялык, финасылык жана башкаруу саясатынын эркиндигинин берилүүсү окуу жайдын бийик максаттарын ишке ашырууга толук мүмкүнчүлүк түзөт.

Өлкөдөгү бир топ окуу жайлар кайра түзүлүп, айрым институт, академиялар университеттерге бириктирилди. Ушул ирилештирүү саясатына ылайык, түштүк аймагында юристтерди даярдаган ири окуу жай Ош мамлекеттик юридикалык институту, Ош шаарындагы №12 кесиптик лицейи, Ош шаардык клиникалык оорукананын эски аймагы менен бүтүндөй базасы ОшМУнун карамагына өттү. Бул мекемелердин аймагына ири курулуштарды баштап жатабыз. Учурдан пайдаланып окуу жайдын курамына кошулган мекемелердин студенттерине жана эмгек жамаатына куш келипсиңер демекчимин. Биз буюрса, ынтымак менен бийик максаттарды ишке ашырабыз.

Өткөн окуу жылында бир топ алгылыктуу иштерди жасаганга жетиштик.

## ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

Акыркы бир жылда кыркtan ашуун окуу жайлар менен эки тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлүп, эл аралык байланышыбыз бир топ кеңейди. ОшМУ АКШ, Кытай, Малайзия, Германия, Франция, Польша, Испания, Түштүк Корея, Түркия, Россия, Казакстан, Өзбекстан мамлекеттеринин бир нече ЖОЖдору менен эки тараптуу кызматташуу келишимдерине кол койду.

Алгачкы жолу ОшМУда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби түзүлдү. Мында эки жыл ОшМУда, эки жыл башка чет өлкөдөгү окуу жайда билим алып, эки университеттин дипломуна ээ болуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Кош дипломдуу эл аралык биргелешкен билим берүү программалары Кытай, Россия, Казакстан өлкөлөрү менен ийгиликтүү ишке ашууда. Ал эми Испания, Түркия, Германия, Корея, Өзбекстандын бир нече университеттери менен биргелешкен программаларды түзүү үстүндө иш-аракеттер жүрүүдө. Кош дипломдуу билим берүү программаларынын саны жыйырмага жакындап калды.

ОшМУ академиялык мобилдүүлүк жана интернационализация багытында дагы белгилүү ийгиликтерге жетүүдө. Жыл сайын беш жүзгө жакын студент (магистрант), үч жүздөй окутуучу академиялык мобилдүүлүк боюнча дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү 282 университетке барып, окуп, тажрыйба алмашып келүүдө. Академиялык мобилдүүлүктүн виртуалдуу формасы колго алынды.




## ДҮЙНӨЛҮК КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АККРЕДИТАЦИЯ ЖАНА РЕЙТИНГДЕРГЕ КАТЫШУУ

Эл аралык таанууга ээ болуу үчүн көз карандысыз аккредитацияга жана рейтингге катышуунун мааниси чоң. Бул багытта университеттин жамааты бир нече жылдан бери максаттуу иштерди аткарууда. Натыйжада дүйнөлүк төмөнкү рейтингдерге: QS, Times Higher Education, AARWU (Shanghai Ranking), US News University Ranking ж.б. катышууга жетишүүбүз керек.

Университетибиз НААР аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттиги тарабынан өткөрүлгөн “Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтинги” программасынын жыйынтыгы боюнча ГЕНЕРАЛДЫК рейтингде катары менен 5 жыл 1-орунду камсыздап келүүдө.

«IAAR Eurasian University Rankings-2022» эл аралык рейтингинин жыйынтыгы боюнча Ош мамлекеттик университети "НААР Евразия көп тармактуу университет” номинациясы менен сыйланды жана Евразия мейкиндигиндеги эң мыкты ТОП-10, Борбор Азияда ТОП-5 университеттин катарына кирди.



## ЖОЖ – ИЛИМ - ӨНДҮРҮШ

Төртүнчү муундагы окуу жай ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ - үч компонентти бирдиктүү ишке ашырышы керек. Билим берүү программалары, илимий изилдөөлөр, долбоорлор өндүрүшкө багытталып, жергиликтүү социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө салым кошуусу абзел.

Жаңы окуу жылынан тарта окутуунун кредиттик технологиясын толук түрдө университеттин окуу процессине киргизип жатабыз. Башкача айтканда, студент өзү каалаган дисциплиналык курсту жана окутуучуну эркин тандап, тиешелүү кредиттик сааттарды өздөштүрөт. Ошондой эле студент тандаган кредиттик сааттары үчүн эркин төлөм жүргүзүп, мүмкүнчүлүгүнө жараша окуу жүктөмдөрүн аткара алат. Бул кадамдар күчтүү атаандаштыкты жаратып, билим берүү сапатына түз таасир этет жана академиялык эркиндикти, чынчылдыкты камсыз кылат.



## Илим жаатында

Жогорку окуу жайларга илим-изилдөө багытында өзгөчө талаптар коюлду. Ар бир изилдөө, илимий эмгектер жана долбоорлор өндүрүш менен тыгыз байланышта болуп, ЖОЖ-илим-өндүрүш компоненттери бирдикте ишке ашырылышы керек.

Акыркы эки жылда илимий долбоорлор үчүн 17 млн. сом өлчөмүндө каражат бөлүндү.

Алгачкы жолу математика жана медицина багыты боюнча PhD докторантура ачылып, иштей баштады.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



Илимий журналдарынын ишмердүүлүгү Open Journal System (OJS) платформасына өткөрүлдү. Бул платформага журнал толук киргенден тартып илимий журналдын ишмердүүлүгү электрондошот. Башкача айтканда, макаланы бергенден тартып, журналга чыкканга чейинки аракет электрондук негизде жүрөт.

## Өндүрүш багытында

Окуу жайды өндүрүштүк университетке айлантуу максатында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр: секторду өнүктүрүү" программасына алкагында ОшМУнун №2 жатаканасы гранттык негиздеги "Алдыңкы тажрыйба борбору" долбоору аркылуу толук оңдоп-түзөөдөн өттү. Аталган жатакананын 1-кабатында окуу-өндүрүштүк комплекс үчүн тигүү цехтери, программалык жабдуу менен камсыздоочу өндүрүштөр орун алат. Аталган комплекстен даярдалган өндүрүштөр ОшМУнун фирмалык дүкөнүнө сатыкка чыгат.

Ошондой эле чөлкөмдүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүү үчүн Президенттин Ош облусундагы толук ыйгарымдуу өкүлчүлүгү, Ош шаардык мэриясы менен биргеликте бир нече долбоорлор иштелип, турмушка ашууда.

## ЖАҢЫЛАНГАН ИНФРАСТРУКТУРА - ЖАГЫМДУУ АТМОСФЕРА

Өткөн окуу жыл ичинде ОшМУда 20дан ашуун окуу корпустар, жатаканалар, башка курулуштар заман талабына ылайык курулуп жана оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү: Димедиус жана морфология окуу комплексинин 2 кабаттуу эки окуу имаратынын курулушу, ОшМУнун жогорку билим берүү программалар мектебинин 5 кабаттуу окуу имаратынын, "Билим" лицейинин 3 кабаттуу окуу имаратынын курулушу аяктады. Медициналык клиниканын операциялык, жандандыруу жана хирургия бөлүмдөрү, стоматологиялык клиника ишке кирди.

Учурда табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинде ветеринардык клиникасынын, "Ак-Буура" кампусунда 5 кабаттуу окуу-лабораториялык корпусунун курулуштары башталды.

Жаңы окуу жылына карата дээрлик бардык факультет, колледждерде, структуралык бөлүмдөрдө оңдоп-түзөө иштери аяктады.

## САНАРИП ПЛАТФОРМАСЫ БОЮНЧА АЛДЫДАБЫЗ

Санарип чөйрөсүндө ички документ айлантуудан баштап, окутуучулар, кызматкерлер, студенттер эч кандай кагаз көтөрүп жүрбөстөн мобилдик тиркемелер менен өзүнүн окуу жадыбал, сабакка катышуу ж.б. кыймыл-аракеттерин толук түрдө электрондук форматта ишке ашырууда. Жаңы окуу жылынан тарта ОшМУга тапшырган абитуриенттер электрондук түрдө арыз калтырып, ал арыз автоматтык түрдө АВН системасына катталууда. Мында убакыт үнөмдөлүп, абитуриенттер, ата-энелер, кызматкерлер үчүн бир топ ыңгайлуулук жаралды.

Ал эми окуу жайдын электрондук платформасы толугу менен максималдуу ишке ашты: Электрондук журнал, электрондук силлабус, электрондук архив, электрондук жадыбал, электрондук айланма баракча, электрондук табель, электрондук оорукана, онлайн шайлоо системасы, "ОшМУ окутуучу", "ОшМУ студент", "ОшМУ абитуриент" тиркемелери реалдуу иш-аракеттерде колдонулуп жатат.

Аталган программалар ОшМУнун программист-адистери тарабынан түзүлүп, КРнын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы тарабынан тастыктоочу күбөлүктөргө алынды.

## СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН МЫКТЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

Университеттин негизги көрсөткүчү сапаттуу бүтүрүүчү болуп саналат. Биз жаштарга канчалык шарт түзсөк, алар ошончолук деңгээлде окуу жайдын абройун көтөрүшөт. Илимий, чыгармачылык, спорттук, ишкердик, жаратмандык үчүн окуу жайда жетиштүү деңгээлде база жана колдоо болуусу абзел. Бардык багыттар боюнча окуу жайыбызда борборлор иштейт.

## Жаштар бизнес паркы

Өлкө башчыбыздын тапшырмасына ылайык, ОшМУда атайын ойлоп табуучулардын чоң ордосу болгон "Жаштар бизнес паркы" түзүлүп, иштей баштады. Бул борбор студенттердин ойлоп табууларын, долбоорлорун ишке ашырууга ыңгайлуу база болот.

## СПОРТТОГУ ИЙГИЛИКТЕР

"Университет-ОшМУ" волейбол кесипкөй кыздар профессионалдык клубу Кыргыз Республикасынын волейбол федерациясы тарабынан уюштурулган кыз-келиндер арасындагы клубдар аралык VIII ачык чемпионатында чемпион аталды. Аталган кыздар командасы түштүк аймагында жалгыз волейбол клубу болуп эсептелет.

КРнын волейбол боюнча жогорку лигасындагы клубдар аралык мелдеште ОшМУнун "Университет-ОшМУ" волейбол кесипкөй балдар клубу вице-чемпион аталды.

Студенттерди колдоо максатында олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 000 000 сомдон ашуун колдоолор көрсөтүлүп келет.

## СТУДЕНТТЕРДИ КОЛДОО

Эң мыкты 6 студент КР Президентинин стипендиясын, 10 студент 1,200$ өлчөмүндөгү Атуулдук стипендия, 25 студент Окумуштуулар кеңешинин стипендиясын алышат.

Искусство факультетине студенттердин окуу шарттарын жакшыртуу максатында жалпы суммасы 1 100 000 (бир миллион жүз миң сом) сомдук улуттук музыкалык аспаптар сатылып алынды. Бул иш-аракеттер жаштардын өсүп-өнүгүүсү, коомго ар тараптан пайдалуу адис болуп калыптануусуна кызмат кылат.

**Урматуу кесиптештер, студент достор! Биз көз ирмемдик тездик менен өзгөрүп, өнүгүп жаткан дүйнөдө атаандаштыкка дайым даяр болуубуз керек. Алдыбызга коюлган милдеттерди дилгирлик менен кабыл алып, болгон ресурстук, илимий, кесиптик, инсандык потенциалыбызды колдонуп, ынтымак-биримдигибизди көрсөтүп, дагы чоң бийиктиктерди багынтабыз деп ишенем.**

**Сиздерди терең урматтоо менен,**
**Ош МУнун ректору, профессор**
**Кудайберди Кожобеков**

# ОшМУда Жаштар бизнес паркы ачылды



Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 31 жылдыгын утурлай Ош мамлекеттик университетинде Жаштардын бизнес паркы ачылды. Ачылуу аземине онлайн режимде Министрлер Кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров, Билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиев, ректор К.Кожобеков баштаган ректорат жамааты, окутуучулар жана студенттер катышты.

Жаңы окуу жылынын алгачкы күнүндө жүз берген мындай саамалык өлкөнүн 30 жогорку окуу жайында бир убакытта болуп өттү. "Бизнес-инкубаторлордун" ачылуу аземинде Министрлер Кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров сөз сүйлөп, окуу жайларга ийгиликтерди каалады.

"Түзүлүп жаткан бизнес-инкубаторлордун иши Кыргызстандын экономикалык коопсуздугун камсыздоого жана өлкөнүн технологиялык көз карандысыздыгын калыптандырууга багытталат", - деди А.Жапаров.

Ал эми Билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиев Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири – жаштарды жана келечек муундарды окутуу үчүн ыңгайлуу, заманбап шарттарды түзүү экендигин белгиледи.

"Студент биринчи курстан баштап конкреттүү бир бизнес идеяны акыл-оюнда бышырса, акыркы курста стартап форматында ишке ашырса, анын натыйжасында коом үчүн жаңы жана өтүмдүү болгон бир продукт өндүрүүнү жолго койсо, бул чоң ийгиликке жетүү болуп саналат", - деди министр.

Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Кудайберди Кожобековдун айтымында, студенттер бул жерде ар кандай тармактарда стартаптарды түзүүгө жана алдыга жылдыруучу идеяларды иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк алышат.

«Мезгил бүгүн мына ушул көндүмдөрдү талап кылууда. Студенттер ойлоп тапкан идеялары менен ушул жерге чогулуп, тажрыйбалуу насаатчылардын жардамында бизнес долбоорлорду иштеп чыгышат. Студенттердин бул жерде жасаган эмгеги квалификациялык жумуш катары баалана турган болуп атат. Ошондуктан студенттер эч тартынбай өз идеяларын ортого салып, талкуулап, бизнес долбоорлорду иштеп чыгышса, аны каржылап бергенге университеттин мүмкүнчүлүгү бар. Буюрса, 12-кесиптик лицейде да ушундай стартап борборун ачабыз. Анын аянты мындан да чоң болот", - деди К.Кожобеков.

Эскерте кетсек, министр Алмазбек Бейшеналиев май айынын башында республикадагы он жогорку окуу жайдын (КУУ, КУАУ, КММА, КМТУ, ОшМУ, Нарын МУ, ЫМУ, ЖАМУ, БатМУ) ректорлору жана көз карандысыз эксперттер менен биргеликте Америка Кошмо Штаттарына иш сапары менен барып, жогорку билим берүүгө инновацияларды киргизүү жана билим берүү стартаптарын ишке ашыруу тажрыйбасы менен таанышып келген. Аталган бизнес-инкубаторлор мына ошол иш-сапардын алкагында ишке ашты.

# Дагы бир тарыхый окуя



ОшМУда түштүктөгү эң алгачкы айыл чарба багытындагы илимий-өндүрүштүк жана ветеринардык-медициналык борбордун курулушу башталды. 5 кабаттан турган имараттын курулушу 2023-жылдын март айында бүткөрүлүшү пландалууда.

# ОшМУнун капитаны – Азия чемпиону




"ОшМУ-УНИВЕРСИТЕТ" волейбол клубунун капитаны Өмүрбек Жунусов Азиянын чакырык кубогун утуп, "Эң мыкты диагональ оюнчу" деп табылды. Азиянын чакырык кубогу Чолпон-Ата шаарында өтүп, ага 7 команда катышты.

Волейбол боюнча кыргыз курамасы финалда Сауд Арабиянын командасын жеңип алышты. Биздин оюнчулар алгачкы эки партияда утулуп, бирок кийинки үч оюнда жеңишке жетип, акыркы эсеп 3:2 менен жеңүүгө болду. Беттеште экинчи орунду Сауд Арабия, ал эми үчүнчү орунду Өзбекстандын курама командасы ээледи.

Өмүрбек Жунусов 3 жылдан бери Кыргызстандын волейбол боюнча курама командасында ойноп келет. Учурда ал ОшМУнун медициналык колледжинде окутуучу болуп эмгектенет. Мындан сырткары "ОшМУ-УНИВЕРСИТЕТ" волейбол клубунун капитаны, спорт чебери.

# «Эгемендик каармандары – 2022»






ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Замирбек Божонов жана кадрлар бөлүмүнүн башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Гүлсара Турдубаева "Эгемендик каармандары" төш белгиси жана дипломду менен сыйланышты.

Сыйлык республикалык көп тармактуу коомдук "Жетиген" журналы уюштурган өлкөбүздүн Эгемендүүлүгүнүн 31 жылдыгына арналган салтанаттуу кечеде тапшырылды.

Сыйлык ээлерин окуу жайдын жамаатынын атынан куттуктап, чың ден соолук, иштерине ийгиликтерди каалайбыз!

# Кыргыз-Испан достугу бекемделет

ОшМУнун Эл аралык билим берүүнүн жогорку мектебинин америкалык жана европалык интеграция бөлүмүнүн базасында Кыргыз-Испан тил жана маданият борбору ачылды.

Саамалыкка окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков баштаган ректораттын өкүлдөрү, Эл аралык билим берүүнүн жогорку мектебинин профессордук-окутуучулук курамы, студенттер катышты. Ал эми конокторудон Испаниянын Кадис университетинин интернационалдаштыруу боюнча проректору Рафаэль Хименес баштаган делегация болду.

Кыргыз-Испан борбору эки өлкөнү жана эки окуу жайды тааныштырган маалыматтар менен толукталып, маданий баалуулуктарды да чагылдырып турат. Борбордо студенттер испан тилин тереңдетип окуткан курстардан өтүшүп, эки өлкөнүн маданиятын дүйнөгө жайылтууга салым кошот.

Иш-чаранын алкагында 2021-2022-окуу жылында Кадис университетинен бир семестр окуп келген студенттерге сертификаттар тапшырылды.

"Иш сапарыбыздын алкагында ОшМУ менен жакындан таанышып, окуу жайдын жогорку деңгээлде экендигине ынандык. Буга чейин студенттер "Эразмус+" программасында академиялык мобилдүүлүктөн өтүп келишсе, бүгүнкү ачылып жаткан борбордун негизинде мындан башка да долбоорлорду пландаштырып жатабыз. Макулдашуулардын негизинде PhD программалары боюнча кош дипломдуулук тууралуу сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. ОшМУнун базасында ачылган Кыргыз-Испан тил жана маданият борбору Борбордук Азиянын ЖОЖдорун бириктирип турган тарыхый борбор болуп калат деп ишенем",-деди Испаниянын Кадис университетинин интернационалдаштыруу боюнча проректору Рафаэль Хименес.

Кыргыз-Испан тил жана маданият борборун Кадис университетинен келип 2018-жылдан бери ОшМУда эмгектенип жаткан окутуучу Инмакулада Веласко Гомес жетектейт.

ОшМУ Кадис университети менен "Эразмус+" программасындагы эл аралык кредиттик мобилдүүлүк багытында 2011-жылдан бери кызматташып келет.

# ОшМУда казак таануу борбору ачылат

ОшМУ жана Л.Гумилев атындагы ЕУУнин жетекчилеринин ортосунда кош диплом программасын ишке ашыруу боюнча видеоконференция уюштурулду.

Жыйынга казак тараптан филология факультетинин деканы А.Б.Байсенбай, котормонун теориясы жана практикасы кафедрасынын башчысы М.Ж.Эскендирова, эл аралык байланыштар департаментинин директору А.Кармелюк, ал эми ОшМУ тарабынан эл аралык байланыштар департаментинин директору А.Абдувалиев, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы Р.Сагындыкова, орус филология факультетинин деканы Г.Мадмарова катышты.

Жыйында тараптар кош диплом программасын ишке ашыруу маселелерин талкуулады. Жыйындын аягында ОшМУда казак таануу борборун ачуу макулдашылды.

# Улуу Британия профессору ОшМУда

Улуу Британиянын Лондон шаарындагы Брунел университетинин аспирантура борборунун директору, ДЕРЕККА долбоорунун университеттеги өнөктөшү, профессор Татьяна Колганова ОшМУда болуп, окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков менен жолугушту. Жолугушуунун алкагында докторлук даражаларды илгерилетүү аркылуу Кыргызстандагы илимий-изилдөө жана инновациялык потенциалды чыңдоого багытталган ДЕРЕККА долбоору, алдыдагы пландар боюнча пикир алышып, даярдалып жаткан кызматташуу меморандумун талкуулашты.

Татьяна Колганова иш сапарынын экинчи күнү ОшМУнун эл аралык медицина факультетинде "PhD докторанттар үчүн изилдөө методдору" деген темада лекция окуду. Лекцияга ОшМУнун PhD докторанттары, аспиранттары жана окутуучулары катышты.

# ОшМУнун проректору ОшТУнун ректору болуп дайындалды



ОшМУнун Инвестициялар жана стратегиялык өнүктүрүү боюнча проректору Жанболот Турсунбаев Ош технологиялык университетинин ректору кызматы үчүн сынакка катышып, эң жогорку упайга ээ болуп, ректордук кызматка дайындалды.

Жанболот Жанышовичти жаңы кызмат орду менен куттуктап, ийгиликтерди каалайбыз.

# Педиатрия кафедрасы жертөлөдөн «чыкты»



Ош облустар аралык балдар клиникалык ооруканасында ОшМУнун медицина факультетинин педиатрия 1 кафедрасы ачылды. Саамалыкка окуу жайдын ректору Кудайберди Кожобеков баштаган ректорат жамааты, Ош облустар аралык балдар клиникалык ооруканасынын директору Равшан Маметов, Медицина факультетинин профессордук-окутуучулук курамы, студенттер катышты.

Педиатрия 1 кафедрасы тогуз окуу каанасынан жана бир симуляциялык каанадан турат. Бул кафедра педиатрия адистигинде билим алып жаткан студенттердин сапаттуу, теориядан практикага багытталган билим алышына шарт түзүү максатын көздөйт.

Буга чейин аталган кафедра облустук балдар ооруканасынын жер төлөсүндө орун алып келген. Эми студенттер жарык, стандарттарга жооп берген, заманбап материалдык-техникалык жабдуулар менен камсыздалган жерде практикалык билимдерин тереңдетишет.

Кафедранын тарыхы 1999-жылдан башталат. Учурда 17 окутуучу эмгектенет, алардын 80 пайызы саламаттыкты сактоонун жана билим берүүнүн мыктылары. Кафедраны КРнын эмгек сиңирген дарыгери, м.и.к., доцент, педиатрия боюнча жогорку категориядагы дарыгер Замира Нуруева жетектейт.

# Мамлекеттик тилди окутуунун инновациялык усулдары



ОшМУнун социалдык иштер боюнча проректору Мастура Шарипованын демилгеси менен университеттин башка имаратында кыргыз тилин окутуунун инновациялык усулдарынын көргөзмөсү өттү.

Мамлекеттик тил күнүнө карата уюштурулган иш чарага Ош шаардык мэриясынын мамлекеттик тил боюнча жетектөөчү адиси Мээрим Бакир кызы, Ош КУУнун проректору Сыргак Сарыков, жогорку окуу жайлардын окутуучулары жана студенттери катышты.



**ОшМУнун Жаштар бизнес паркынын директору Эрлан Камалов:**

# “Идеялардын боркулдап кайнаган ордосуна айланабыз”

Ош мамлекеттик университетинде жаңы инновациялык көндүмдөрдү жайылтуу жана бизнеске шыктуу жаштарды колдоо максатында Жаштардын бизнес паркы ачылган. Мамлекеттик деңгээлде колдоого алынып аткан бул тармакты өз ишинин мыкты адиси, экономика илимдеринин кандидаты, доцент Эрлан Камалов жетектеп келүүдө. Жаңы ачылган мекеме менен жеринде таанышуу максатында Бизнес паркка баш бактык. Эрлан агай эми эле Бишкектен толтура маалыматтар менен келген экен.



Учурда Жаштар бизнес паркында 27 стартап резидент болуп катталып, инвесторго сунуштоого даярдалып атат.

- Кечээ Кыргыз патентте болуп, ушул стартаптар боюнча мамлекеттик масштабда болуп аткан иштер менен таанышып, тиешелүү маалымат баракчаларын алганча келдим. Биздин негизги максат, жаштардын стартап долбоорлорун, бизнес идеяларын пайда алып келе турган бизнес долбоорлордун деңгелине чыгаруу, же болбосо идеяны башка жакка сатууну камсыз кылуу болуп саналат.

- ***Идеяны алып келген авторлордун укугу корголобу?***

- Кээ бир ушинтип туура эмес түшүнүп алгандар да жок эмес: “силерге идеяны алып барсак, өзүңөр ишке ашырып, биз куру калбайбызбы?” дегендер да бар. Андай болбойт. Ар бир идеянын авторлору өздөрүнүн жумушчу тобу менен келип, биздеги атайын адистердин жардамында алымча-кошумчасын тактап, мыкты деңгээлге өз колдору менен чыгарышат. Идеяны каржы ала турган, финансы институттарын кызыктыра турган деңгээлге чыгарыш үчүн мыкты адистер, жигердүү жаштар бири-бири менен таанышып, иштиктүү чөйрөдө иш алып барышы керек. Биз мына ушундай жаштарга идеялардын боркулдап кайнай турган борборун түзүп беребиз.

- ***Демек, сиз жетектеген бизнес парк ушул максатта түзүлгөн экен да?***

- Ооба, ОшМУда мурда эле болгон, бирок мамлекеттик деңгээлде мынчалык көңүл бурулган эмес. Ошондуктан биз жаңы аталыш менен ишти жаңыдан баштап атабыз. Ат коюуда 14 сунуш түштү. Нукура кыргызча атайлы, “ОшМУнун боркулдак борбору” деп коелу деген сунушту да айттык. Бирок көпчүлүктүн макулдугу менен Жаштардын бизнес паркы деген аталышка токтолдук.

- ***Эрлан агай, сиз бул тармакта жаңы киши эмессиз. Буга чейин эле Энахсус деп аталган борбор аркылуу көптөгөн жаштарга бизнес жүргүзүүнүн жол-жобосун үйрөтүп келгенсиз. Бирок анда сизди колдогон жергиликтүү меценаттар болсо керек эле. Азыркы учурда мамлекет өзү киришип атканы чоң жаңылык экен. Чын эле буга чейин эмне үчүн жакшы көңүл бурулган эмес?***

- Мурда мамлекет балким адам капиталына караганда Кумтөргө, энергетикага, туризмге көбүрөөк ишенген болсо керек. Акыркы мезгилде Япония, Түштүк Корея, Таиланд, Сингапур, Малазия деген мамлекеттер Кумтөрү, Жер үйү жок эле адамдык капиталы менен кандай жетишкендиктерди жаратып атканын баарыбыз көрүп атабыз. Жаштардын билимине, ден соолугуна, маданиятына инвестиция жумшап эле дүркүрөп өнүгүп атышат. Алардын өнүгүү сыры ушунда – мыкты идеяларга сергек атаандаштык түзүп берип кошкан. Коуч борборлорду ачып, бул эшиктен миңдеген идеялар кирет да, тиги эшиктен ондогон мыкты бизнес долбоорлор өндүрүшкө даярдалып чыга берет. Биздин мамлекет башчыбыздын ушул багытка басым жасап атканы бизди кубандырды.

- ***Жаштардын бизнес паркында иштин процесси кандай болот, ирети менен айтып берсеңиз?***

- Мына азыр бул жерде сиз менен бирге эле теология факультетинин өкүлдөрү келип отурат. Ар бир факультеттин жамааты мына ушинтип биздин борборго келип, жакындан таанышып атышат. Бүгүн кезек теологдордо экен, азыр сиз менен баарлашуудан кийин булардын идеяларын талкуулайбыз. Эми бизде жумуш ыргагы кандай болот, кантип иш алып барабыз? Бизге жаштар кайсы бир бизнес идеясы менен келишет, биз ал идеянын бизнес планын түзөбүз, бюджетин эсептеп чыгабыз, рыноктогу атаандаштарды анализдейбиз, келечекте жашап кете алабы, мына ушулардын баарын изилдеп бүткөндөн кийин акселерация деп коет, рынокко кандай кылып кирсе болот, маркетингин жасайбыз. Ар бир процесске идеянын авторлору өздөрү катышып, өз колдору менен жасашат, Биз зарыл болгон бардык кеп-кеңештерди айтып, бизнес долбоордун бышып жетилишине бардык шарттарды түзүп беребиз.

- ***Сиз бул багытта өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы менен да таанышып келсеңиз керек?***

- Ооба, Европанын, Американын көп университеттеринде болдум. Аларда технопарктарды түзүү үчүн чоң аймактарды ажыратып, терең көңүл бурулуп келет. Стартаптардын келечеги, алардын авторлорунун миллиардер болушуна шарт түзүп атканын мына ушул өнүккөн өлкөлөрдөн көрсөк болот. Мисалы, Марк Сукерберк фейсбукту ойлоп атканда миллардер болом деп ойлогон да эмес болуш керек. Алгач баштаганда жаштар үчүн кат алышуу платформасын иштеп чыгам деп пландаган экен. Азыркы учурда бул идеянын автору дүйнөнүн эң жаш миллиардерине айланды. Ошондой эле КФС, Магдоналс деген маркалар да жөнөкөй эле стартаптардан башталган. Биздин өлкөдө да “Шоро” маркасын атасак болот. Табылды ага менен бир жерде чогуу болуп калганда, “менин бизнесимдин сыры деле жок, болгону эки кап арпа жана эки фляга менен баштагам. Бир флягамды Кара-Балтанын базарына, бир флягамды Токмоктун базарына алып барып сатар элем” деп айткан эле. Чынында жөнөкөй эле идеядан “Шоро” деген ири марка жаралып атат. Мына ушундай жөнөкөй эле стартаптарды жаштардын демилгеси менен иштеп чыгып, ишке ашыра турган болсок, бул албетте экономикалык жактан бир топ өнүгүүгө алып келет.

- ***Ошто сиз катышып, брендге айланган стартаптар болду беле?***

- 2010-жылы ОшМУнун бизнес-менеджмент факультетинде декандын окуу иштери боюнча орун басары элем. Ошондо “калыс болуп бериңиз” деп бизнесмендер чакырып калышты. Тактасам жаш бизнесмендер стартаптардын сынагын өткөрүп атыптыр. Биринчи күнү 32 стартап катышты. Алардын 12си экинчи турга өттү. 12ден төртөө финалга чыкты. Финалдагы төртөөнүн бири - кийим тигүүгө, бирөө – айыл чарбасына багытталган. Үчүнчүсү жыгачтын, пластиктин, темирдин бетине жаза турган аппаратты иштетүү боюнча болчу. Ал эми төртүнчүсү боорсок, каттама сыяктуу улуттук даамдарды жасаган стартап болчу. Ушул төртөөнүн ичинен кайсынысын биринчи орунга чыгарабыз деген суроо талкууланып калганда, “баары эле жакшы экен, бирок, улуттук азыктарды жасай турган стартап аз убакытта өнүккөн бизнеске айланат” десем, “агай койсоңуз, муну кыргыздын ар бир кыз-келини үйдө эле жасап алат да, ушул кантип бизнес болсун, бул кагазда эле калат”, деп эки-үчөө мага каршы болушкан. Бирок, жыйынтыгында улуттук тамак-аш даярдай турган стартап жеңишке жетишип, баш байгени утуп алган. Азыркы учурда бул стартап “Даяр” деген марка менен баарыбызга белгилүү. Оштогу эң ийгиликтүү компаниялардын бирине айланды десем жаңылышпайм.

- ***Эрлан Токтоназарович, жаңы ачылган борбордун ишине ийгиликтерди каалайбыз. Жакшы пландарыңыз бар экен, Жараткан колдоп ишке ашып кетсин.***




**Тургунбай Алдакулов**

“Дидактика”
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактору:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
З.Божонов, З.Пусуртегин, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев

**Корректор:**
М.Турсунбекова


**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Зинагүл Нуралиева
Айбарчын Кулушева
Кутманай Маликова
Венера Нурсултан кызы
Аймээрим Гүлжигитова
Айкөл Малоева
Муслима Довурова

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, “ММКны колдоо борбору” басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, в.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Нур" гезитинин каржылоосу менен «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №1192

## УУЛУМДУН МУГАЛИМИНЕ КАТ



Сиз, ар бир күндүн жаркырап чыгышы менен бирге төрөлүп, ар бир жаңы тамга үйрөнгөн бала менен жашарып, ар бир көңүлү ооруган өспүрүм менен бирге ойлонуп, деги эле койчу, сиз дүйнөдөгү бардык жакшылык жана жамандыкка ортоктош болгон, ары оор, ары түйшүктүү кесипти аркалап келесиз...

Мен сизге ыраазылыгымды билдирүү менен бирге, уулум жөнүндөгү өтүнүчтөрүмдү да айтып кетер элем.

Уулумдун билүүсү керек болгон нерсе - бул дүйнөдө жаман менен жакшынын эриш-аркак жүрөрү, бардык адамдардын адилеттүү жана чынчыл эмес экендиги.

Уулума ар бир акмак адамдын жанында эр жүрөк, ар бир саясатчынын жанында да өзүнүн ишине туруктуу лидерлердин бар экенин үйрөтүңүз. Ар бир душманы менен да дос болууну үйрөтүңүз.

Көбүрөөк убактыңызды алышы мүмкүн, билем, бирок маңдай тер менен табылган бир сомдун, көчөдөн табылган беш сомдон баалуу болгонун да үйрөтүңүз.

Кээде жеңилүү менен бирге жеңиштерине кубануу жана сүйүнүүнү да үйрөтсөңүз.

Эгер кыла алсаңыз, кызгануу жана ичи тардык сезимдеринен уулумду таптакыр эле алыстатсаңыз.

Уулумду китептердин сыйкырдуу дүйнөсүнө жетелеп жана алардын сыйкырдуу күчүн да үйрөтсөңүз. Ошол эле мезгилде ага китептердин кулу эмес, тескерисинче аларды эң бир мыкты жол жана учурларда колдоно турган курал экендигин да үйрөтсөңүз.

Кээде уулумду өз ой-кыялдары менен жалгыз таштоону да унутпасаңыз. Күндүн назик шооласы жер бетин кандай бөпөлөгөнүн, аарынын учушу менен көпөлөктүн конушу, эрке желдин кайдан согуп, күн желесинин эмне себептен пайда болгонун түшүнүү үчүн да ага убакыт бериңиз жана кыялдарды ашып өтүп максат коюп жашоону да үйрөтүңүз.

Максаттары жалпы адамзатка пайдалуу болуусу керек экендигин да эскертип туруңуз.

Уулума ката кылуунун жалган айтканга караганда канчалык намыстуу иш экенин үйрөтүңүз!

Уулума өз оюна жана пикирине туруктуу болуп, өзүнө ишенүүсүн үйрөтсөңүз. Анын оюна эч ким ишенбеген учурда да өзү ишенген идеалга жетүүсүнө да көмөк көрсөтсөңүз.

«Таш менен урганды аш менен ур» дегендей, бардык адамзатка жакшылык кылууну үйрөтүп, күн сыяктуу бардык адамдарга бирдей мээрим чачууну да үйрөтсөңүз.

Бардык адамдарды сабырдуулук менен угууну үйрөтүп, бирок уккандардын бардыгын «чындык» элегинен өткөрүп, керектүүсүн гана алуусун да үйрөтсөңүз.

Айлана-чөйрөсүнөн мыкты дос күтүүнү жана доско күйүмдүү болууну да үйрөтсөңүз.

Эгер колуңуздан келсе, кайгылуу күндөрүндө кантип жылмаюу керек экендигин, чын дилден чыккан көз жаштын уят эмес экенин үйрөтсөңүз.

Уулума акыл жана күчүн эң кымбат баада кантип сатуусу керек экендигин үйрөтсөңүз. Бирок жүрөк менен рухка баа коюлбай турганын да эскертип турсаңыз.

Ага назик мамиле кылыңыз, учуру келсе бооруңузга да кысканды билиңиз. Сизден коркпосун, бирок сиздин сүйүүңүздү жоготуудан корксун.

Уулум сабырсыз боло тургандай эр жүрөк болсун, бирок эр жүрөк атала тургандай сабырдуу да болсун.

Ага дайыма өзүнө терең ишенүүсүн үйрөтсөңүз, өзүнө терең ишенгендиги адамзатка ишеничин арттырат.

Айткандарым өтө эле оор өтүнүч болушу мүмкүн, бирок канчасын ишке ашыра алсак, ошончо ийгилик дегенге барабар.

Уулумдун жүрөгү жазылбаган апакай барак, аны жазуу жана туура жолго багыттоо бул чоң милдет. Бул милдетти аткарууда бизге жолдош болгонуңуз үчүн дагы бир ирет ыраазылык билдиремин.

**Өз уулун сүйгөн ата**

## ЖАШООНУН ОҢОЮ ЖАНА КЫЙЫНЫ

**Жашоодо кыйын болгон жана оңой болгон иштер бар. Буларды ажырата билүү өтө кыйын.**

**Сүйлөө жана өзүнүн билгенин жар салуу оңой, кыска-нуска сүйлөп унчукпай калуу кыйын.**

**Бирөөгө акыл айтуу, бирөөнү акылдан адаштыруу оңой, катаны оңдоо, калыбына келтирүү кыйын.**

**Ниет кылуу жана бир жумушту баштоо оңой, бирок өтөсүнө чыгып, жыйынтыкка жетүү кыйын.**

**Алган кол болуу оңой, берген кол болуу кыйын.**

**Өзүмчүл болуу, өзүмчүлдүк кылуу оңой, кең пейилдик кылуу жана ак көңүлдүүлүк кыйын.**

**Кызыгуу жана көз чаптыруу оңой, бирок караган нерсени көрө билүү кыйын.**

**Мал-мүлк, байлыкты топтоо оңой, ар намыс, кадыр-баркты топтоо кыйын.**

**Алсызды алдоо, азапка салуу оңой, тойгузуу, камкордукка алуу кыйын.**

**Убада берүү, ант ичүү оңой, сөздө туруу кыйын.**

**Тандалуу, шайлануу оңой, чынчыл жана адилеттүү болуу кыйын.**

**Көз боёмочулук, жасалмалуулук оңой, ак болуу жана чын дилден мамиле жасоо кыйын.**

**Ачууланып жаңжал чыгаруу оңой, сыздаган жараны айыктыруу кыйын.**

**Напсиге баш ийүү, ач көздүк кылуу оңой, напсини тизгиндөө, ач көздүктү жеңе билүү кыйын.**

**Үйлөнүү, үй-бүлө куруу оңой, бактылуу үй-бүлө болуш кыйын.**

**Төрөлүү, жашоо оңой, адам болуу, адам болуп жашап өтүү кыйын.**



## ЭҢ БАЙЫРКЫ ТАШ ЖАЗУУСУ



Ызы-чуунун арасында дайыма олуттуулук жана сабырдуу болууну үйрөн. Тынчтыктын ичинде дайыма бакыт болоорун унутпа. Талап кылынбаган учурда да баары менен дос болууга аракет кыл.

Сага жамандык кылганга берүүчү эң мыкты жообуң "баарын унута билүү болсун". Кечир жана унута бил! Бирок эч кимге багынба! Иш-аракетиң чын дилиңден болсун. Сүйлөгөндө шашпай, кыска жана сөздү тандап, ачык-айкын сүйлө.Башкалардын сөзүнө да кулак сал. Сабатсыз, андан калса акмак адам болсо да уга билүү керек. Себеби дүйнөдөгү ар бир адамдын айтып бере турган жашоо аңгемеси бар.

Жалгыз гана пландарың менен эмес, жетишкен ийгиликтериң менен да кубана бил.Жумушуң канчалык кичинекей жумуш болсо да,аны менен алектен, себеби, жашоондогу жалгыз таянычың бул жумушуң. Сүйгөн кесибиңди тандасаң өмүрүңдө бир дагы жолу зеригүүнү жана чарчоону сезбейсиң. Жумушуңду аябай сүй!

Ийгиликтериң тулку боюң менен жүрөгүңдү күчтөндүрүп жатканда, сенин жасаган жумушуң жапжаңы жашоону баштаган болсун. Кандай болсоң ошондой көрүн жана кандай көрүнсөң ошондой бол. Жактырбаган учурда жактыргандай мамиле кылба!Айлана-чөйрөдөгүлөрүңө сунуштарың менен кайрыл, бирок буйрук бербе.

Адамдарды айыптай берсең, аларды жакшы көрүүгө убактың калбайт. Дагы бир нерсени унутпа. Адамзаттын кылымдардан бери үйрөнүп келе жаткан нерселери түбөлүктүү узундуктагы кум жээгиндеги жалгыз бир кум ташынан көп эмес.

Сүйүүнү эч качан кемсинтпе, себеби ал чөл ортосундагы жапжашыл бакча сыяктуу. Ал бакчага ылайыктуу багбан болуш үчүн ар бир өсүмдүк өзүнө кам көрүлүшүнө муктаж болгонун да эсинден чыгарба.



Жеңилүү адилетсиздик менен жеңип алууга караганда алда-канча өйдө тураарын унутпагын. Биринчисинин ачуусу же кайгысы бир көз ирмемде унутулат, ал эми экинчисинин азабы бир өмүр эстен кетпейт. Кээ бир идеялар ушунчалык баалуу болгондуктан ал жолдо жеңилүү да жеңиш сыяктуу эсептелет. Бул дүйнөгө таштап кетүүчү эң чоң мурас – чынчылдык.

Жылдардын суудай өтүп баратканына ачууланба. Жаштыгыңа жарашкан нерселерди өтмүшкө жылмаюу менен тапшыра бил. Жасай турган нерселериң жасай ала тургандарыңдын жолун торошуна жол бербе. Шамалдын багытын өзгөртө албаган учурда, кемеңдин пардасын шамалга ылайыкта. Себеби жашоонун максаты беттешкен шамалдар менен күрөшүү эмес, кемени жээкке сак-саламат алып чыгуу. Кээде чарасыздыкка кабылсаң да, жаратылышты күнөөлөгөнгө болбой турганын унутпа! Ошондуктан чыр-чатактын ичинде болсоң да, өзүң менен дайыма тынчтык жолунда бол.

Төрөлгөнүңдө сен ыйлап, баары сүйүнүп жылмайышкан эле. Өлөрүңдө баары ыйлап, а сен болсо бактылуу жылмайып кете тургандай бардык жашоону жаша. Сабырдуу, сүймөнчүктүү жана эр жүрөк бол! Акыр түбү бардык мал-мүлк өзүңсүң.

Сулуулукту көрүүгө аракет кыл. Бардык жамандыктарга, акыйкатсыздарга карабастан дүйнө адамдын жалгыз мекени болуп саналат.

## ЧАКАДАГЫ ТАШТАР

Убакытты туура пайдалануу жана туура колдонуу жөнүндө семинар өтүлүп жаткан.Убакытты туура пайдалануу боюнча адис көбүнчө бат иштөөнү талап кылган кесиптин ээлерине:

-Кичинекей тажрыйба жасаганга кандай карайсыңар?- деп кайрылды.

Столдун үстүнө чоң чаканы коюп, муштумдай таштарды салып толтурган соң:

-Чака толдубу?-деди.

Катышуучулар:

-Ооба, толду-дешти.

-Демек,чындап эле толдубу?-дейт адис.

Ийилип бир баштыктан майда таштарды алып чыгып,чаканын ичиндеги чоң таштардын арасына сала баштады.Андан соң, дагы бир жолу:



-Карагылачы, эми толдубу?-деп сурады.

Бул тажрыйбанын оңой эместигине ынанган катышуучулар:

-Жок толук түрдө толтурдук деп айта албайбыз - дешет.

Мугалим:

-Азаматтар!-деп столдун алдынан кум салынган идишти алып чыгып, таштардын үстүнө кумду себелеп баштайт кайрадан:

-Чака толдубу? - деп сурайт.

-Жок, толгон жок.

-Азаматтар!-деп бир кумган сууну алып чыгып чаканын үстүнө куя баштайт.

Мындан соң мугалим:

-Бул көргөн тажрыйбадан кандай сабак чыгарууга болот,-дейт.

Семинарга эң активдүү катышкан катышуучу ордунан туруп :

-Төмөнкү сабакты чыгарсак болот. Бир күндүк жумуш планыбыз канчалык толо болсо да, ар дайым жаңы иштерге убакыт табууга мүмкүн.

Мугалим:

-Ал дагы туура, бирок сабак алуубуз керек болгон маанилүү нерсе төмөнкүлөр болсо керек. Эгер чакага алгач суу жана кумдан баштап куюп жана салганыбызда чоң таштарды батыра алмак эмеспиз.

Андан соң ар ким өзүнө керек болгон төмөндөгүчө суроосун сурайт.

Жашооңордогу чоң таштар кайсылар?Аларды дайыма биринчи ирээтке коёбуз, же чаканы кум жана суу менен эле толтуруп алып,чоң таштарга орун калбай жатабы?

**"Мугалимдерге кеңеш" китебинен алынды.**
**Китептин редактору Т. Алдакулов**